# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРУНДАГЫ АДАМ ТААНУУ МАСЕЛЕСИ

**ТОКОЕВА Г.С.**

*Жалал-Абад мамлекеттик университети*
**УДК 1.091. (575.2) (04)**

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элинин белгилүү ойчулу Арстанбек Буйлаш уулунун философиялык ойлорунун контекстинде адам болмушу талдоого алынат. Экзистенциалдык көз караштары адамдын курактык-жаштык өзгөчөлүктөрү аркылуу анализденет.*

***Уруntуу сөздөр:*** *адам, дүйнөтааным, экзистенция, өмүр, адам таануу, заман.*

***Аннотация:*** *В данной статье проанализированы бытие человека в контексте развития философских взглядов мыслителя Арстанбека Буйлаш уулу. Экзистенция человека исследуется через анализ его возрастных особенностей.*

***Ключевые слова:*** *человек, мирпонимание, экзистенция, жизнь, человековедение, эпоха.*

Адам менен коомдун өз ара карым катнашы жана адамдын андагы орду жөнүндөгү маселе бир караганда жаңы идея катары деле көрүнбөйт, бирок бул суроолорду кыргыз философиясынын өнүгүү контекстинде алганда учурдагы приоритеттүү багыттардын бири болуп эсептелет. Анткени салттуу маданиятты изилдөө аркылуу руханий баалуулуктарыбызды кайра карап чыгуу тенденциясы жүрүп жаткан чакта адам жөнүндөгү ой жүгүртүүлөргө талдоо жасоо философия илиминин алга карай өнүгүүсүн шарттайт. Ушул багытта караганда кыргыз акын-ойчулдардын дүйнөтаанымындагы адам таануу идеяларын изилдөө маселенин жаңы чектерин ачып берет. Акындар чыгармачылыгы – философиялык ой жүгүртүүнүн өзгөчө стили, антропологиялык окуулардын жаңы баскычы, адам таануунун көп аспектүү дүйнөсү.

Арстанбек Буйлаш уулу акындар чыгармачылыгынын замана багытын өнүктүргөн ойчулдардын белгилүүсү. Ал Ысык-Көлдө жарык дүйнөгө келип, ырга жакын, зээндүү, кыргыздын күүлөрүн жакшы черткен жана казак-кыргызга таанымал акылман катары сый-урматка ээ болгон инсан. Өзүнүн замандаштары сыяктуу Арстанбек да коомдук турмушту, социалдык теңсиздикти, инсандар жана уруу-урук аралык карама каршылыкты көрүп, ага карата жеке пикирин билдирүүгө жетишкен. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы социалдык болмуштагы жаңычылдык, салттуу эс-тутумга дал келе бербеген идеялар акындын чыгармаларынын мазмунун түзөт. Анын доорунун мезгилдик жана мейкиндик ченеми Кокон хандыгынын үстөмдүгү менен Орусия империясынын курамына киргенден кийинки социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр учуруна туура келет. Белгилүү философ К.Х.Момджян жазгандай “адам ишмердүүлүгүнүн субстанциясы” болуп коомдун бирден бир фундаменталдуу башталмасы эсептелет[5.150]. Адамдын таанып-билүүчү кызыкчылыгынын башкы предмети, социалдык-философиялык таанымынын негизги максаты болуп коомду түшүнүү эсептелет. Ошондуктан Артанбек Буйлаш уулунун таанып билүү ишмердиги эң алгач өзү жашаган доорду талдоого багытталган. Анткени адам болмушу ошол коомдук реалдуулукка көз каранды болгон, анын чегиндеги, социалдык-экономикалык турмушка байланышкан абалда болот. Анын көз карашында адам философиялык рефлексиянын негизги предмети, коомдун жашап турушунун себепкери, ошондуктан анын дүйнөтаанымынын обьектиси дүйнө жана коом, адам жана социум. Ал коомдук турмушту талдоодон башталат. Өзү жашаган доор жөнүндө минтип сүрөттөйт:

Коконго барып жашымда
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордохандын мыктысын,
Бирден терип ырдадым,

Кыйлаларын сындадым.
Сарт аке менен беттештим
Анжиян, Кокон аралап,
Ырчылыгым даааналап,
Кайта келдим пааналап.
Доор сүрдүм жашымда
Дуулап жүрдүм башында
Караколду бийледим
Калк ичинде сүйлөдүм [3.174].

Арстанбек жеке жашоосунда көптөгөн белгилүү инсандар менен жолугуп, ырдашканын, акындар айтышына катышып, коомдук турмуштун казанында кайнап, турмуштун адилеттүү-адилетсиз жактарына, саясий күрөштөрдүн жүрүшүнө күбө болгонун баяндайт. Ал: “Музооке менен муңдаштым, Сейилкан менен чертиштим. Каркыраны жайладым, Казакка барып ырдадым”, – деп чыгармачылык ишмердүүлүгүн сүрөттөсө, өзү жашаган уруу-уруктук мамилелерге байланыштуу: “Ормон хандын чабуулу, олжосу жолдон табылуу. Көлдөгү Бугу элине, катуу апат баштады”, - деп сарбагыш менен бугунун ортосундагы карама каршылыкты көрсөтөт.

Арстанбек социалдык болмушка баа берип, адам жашоосуна тийгизтен оң-терс жактарын анализдеп, орус калкынын келиши менен кыргыз турмушундагы өзгөрүүлөрдү баалоого жетишет. Орусиянын колониалдык саясатына жана орус калкынын келгенине байланыштуу: “Орусуң кыйын жин экен, замана жаман тарыды. Кайран кыргыз арыды” [3.177], – деп кейиштуу айтат. Кыргыздардын Орусиянын курамына кошулгандан кийинки коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөрдү чагылдырган бир нече ырларды жаратат. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө карата төмөндөгүчө ырдайт:

Этеги жок жеңи жок,
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын күмүш түгөнүп,
Кагаз акча пул болуп,
Тыйын чыгат дечү эле.
...Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап [3.184].

Акын замана идеясын улантып, адам экзистенциясы үчүн “зар”, “тар” болгон доор келгенин билдирет. Бул чындык адамдын кадимки көндүм болгон жашоо образына жооп бербейт, эркиндик, жайбаракаттык, коопсуз абалдан ажыратты, жашоо адаты өзгөрдү. Бул адам жашоосуна келечекте тескери таасирин тийгизет, экзистенциалдык баалуулуктарды жоготуу коркунучун пайда кылат деген пикирде болгон.

Арстанбек “Кокон бийлиги жөнүндө ыр” деген чыгармасында жашаган мезгилин социалдык теңсиздиктин доору катары баяндайт. Башкаруудагы адилетсиздик, адам жашоосундагы өзгөрүүлөр төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Тегереги кыргыздын
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын
Кырк кулач терең ор болду.
...Кулактарын карыштап.
Короодон тандап койду алды,
Кызматына бойду алды,
Олпоң деп алды эгинди.
Кокондук алды көлүңдү
Кокуйлатты элиңди

Көлдүн башын сарт алды
Көкүрөктү дарт чалды [3.208-209].

Ал эми кыргыздардын Россиянын курамына киргенден кийинки социалдык чындык тууралуу «Кашкарга кире качкан кыргыздарга ырдаганы» деген ырында: “Он кишиден бир киши, он башына кылды эми. Ошентип эсеп алды эми. Жүз түтүнгө бир киши, ыстарчын кылып салды эми, ылдамдап эсеп алды эми[3.210], - деп кыргыздардын Орусия империясынын аскердик-коргоо иштерине, социалдык-экономикалык турмушуна аралашып жатканын белгилейт.

Коомдук турмушта белгилүү болгондой XIX кылымдын аягында Кыргызстанда капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин элементтери пайда болуп, ал өндүрүшкө жергиликтүү төбөлдөр да катыша баштаган. Кыргыздардын арасында ири жерлерди менчик кылган, өндүрүш менен алектенген, айыл чарба товарларын сатууда монополиялык абалда турган ишкерлер чыга баштайт. Акын мындай жаңычылдыктын маани-маңызын ачып берүүгө аракет жасайт. Анын кабылдоосунда жаңыдан пайда болгон социалдык катмардын өкүлдөрү мурдагы бай-манаптардан айырмачылыгы жок экендигин аңдап биле алган.

XX кылымдын башында Кыргызстанда соода иштери бир топ өнүгүп, прогрессивдүү формага өтө баштайт, товардык-соода мамилелери жаңы, жогорку деңгээлге көтөрүлөт. Мал, малчылык продукциясын, айыл чарба товарларын соодалоо жакшы жолго коюла баштайт. Экономикадагы мындай прогрессивдүү өзгөрүүлөр Орусия жана Борбордук Азиядагы элдер менен болгон саясий-экономикалык байланыштардын күчөшүнө алып келет. Кыргыз жергесиндеги соода иштерине жергиликтүү калк тыгыз аралаша баштайт. Ошондой эле орустардын массалык түрдө келишинин натыйжасында кыргыз-орус этномаданий байланышы күчөйт.

Арстанбек орустардын кыргыздардын жерине көчүп келгенин баяндап «Сары орус султан болгону» деген ырын жаратат.

Карап турсак орустун
Катыла келген жоолорго
Катуу экен калбасы.
...Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен салмагы.
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен салмагы. [3.215-216].

Арстанбектин көз карашында адам жашоосу бир калыпта жана орунда эле тура бербейт, ал ырааттуулук аркылуу жаратылыштын мыйзамдарына баш ийет. Балалык, жаштык менен алмашат, жаштык болсо улгайган мезгилге орун бошотот. Бул адам болмушунун жалпы реалдуулуктун мыйзамына баш ийүүсү, андан адам качып кутула албайт. Акын «Керээз» деген чыгармасында минтип айтат:

Кыл мурутум жок чакта,
Кылтылдаган шок чакта,
Байры-байры жаш чакта,
Токтоло элек мас чакта
...Күлүгү элем жоргонун
Күкүгү элем токойдун,
Күл чогу элем бозойдун.
Эми күлүк чобур ат болду,
Күкүк үнүм жат болоду.
Отум өчүп жок болду,
Торгой тозуп боз болду,
Кара сакал ак болду,
Оо дүнүйө кетер чак болду [3.169].

Башка акындар сыяктуу Арстанбек балалык темасын биологиялык-психологиялык, социалдык-философиялык позицияда ырдайт. Балалык – бул адам жашоосунун өзгөчө этабы. Аны физиологиялык, биологиялык, психикалык жактан калыптануунун баштапкы мезгили. Бул убакта адам дене-түзүлүшү, акылы-эси жагынан калыптана баштайт. Кыргызда айтып жүргөндөй "балтыр эти толо элек, балбан күчү боло элек" убагы. Балалык – адам жашоосундагы, биринчи кезекте, үй-бүлөлүк социализация менен мүнөздөлүүчү өзгөчө курактык мезгили. Кеңири мааниде алганда балалыкты татаал социалдык түзүм десе да болот, ал коомдогу структуралык түзүлүштүн элементи.

Балалык адам жашоосундагы эң бир сонун мезгилге жол бошотот, ал – жаштык. Арстанбек жаштык куракты өзгөчө бир боектор менен абдан чеберчиликте сүрөттөйт. Анын көз карашында, жаштык – жаз мезгилиндегилей жаркырап тийген күн, күз мезгилиндегидей күркүрөп, берекесин төгүп турган ак эмгек. Ошондой эле жаркырап жарашыктуу кийинип, өңүнөн нур чалып турган асылдык. Ал мындай дейт: "Жаз күнүндөй жаркырап, күз күнүндөй күркүрөп, жалтанбай топто сүйлөсө, бул – жаштыктын белгиси"[4.189].

Адам экзистенциясы "балалык-жаштык" диалектикалык байланышынан көрүнөт. Балалык куракта позитивдүү маанайларды жараткан билимдерди берүү менен сулуулук, сонундук жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу милдети коюлушу зарыл. Анткени келечектеги инсандын калыптанышында табияттын, адам жашоосунун, коомдук турмуштун өзүндөгү баалуулуктарды таанып-билүүгө, аны жаман, көрксүздүк менен айырмалай билүүгө үйрөтүү үй-бүлө, билим берүүчү мекемелердин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын болуп калышы керек. Антпесе, жеке инсандык көз карашы жок, принцибинен тез эле тайып кеткен адамга ээ болуп калышыбыз мүмкүн.

Кыргыз элинин антропологиялык көз караштарында негизги маселе - адам жашоосу, өмүрү. Башка акындар сыяктуу Арстанбек да адам жашоосу жөнүндө терең философиялык маани-маңыздагы ойлорун айтат. Жашоо дайыма кыймылда болуп, өмүр учурдан келечекке карай өтүп турат. Акын кайгыруу менен жаштык кайра келбесин, карылыкка сөзсүз жол бериле турганын белгилеп көрсөтөт: "Канча кайрат кылсаң да, кайрылбайт экен жыйырма жаш. ...Бул дүнүйө жалганда, туулуп өлүш шарт экен [3.181]. "Өмүр-өлүм" дихотомиясы аркылуу адамдын коомдогу орду, жашоосунун маңызы, багытталышы аныкталат. Коом адам жашоосун шарттайт, ага байланыштуу адам ыңгайлашат, зарыл болгон жеке дүйнөсүн жаратат, өзүнүн потенциалын реализациялайт жана адам болуп калат. Адам болуп калышы курактык жактан алганда, анын жаштык мезгилине туура келет. Ошондуктан, акын  жаштык куракта адамдагы адамдык калыптандырылса, коомдун өзү ошого багытталса, ошондо гана социум үчүн зарыл болгон адамга жетишүүгө болорун эскертет.

Дүйнөнүн көрктүүлүгү менен адамдын сулуулугу гармониялык байланышта, бири экинчисин толуктайт, мындай шартта гана реалдуулук өзүнүн толук бүтүндүгүн көрсөтө алат. Бул аркылуу Арстанбек себеп-натыйжалык көз карандылыкты, детерминациялык шартталгандыкты көрсөтүүгө жетишет. Бири болбой экинчи жашабайт, алгачкысы болгон үчүн гана кийинки бар болуп турат, антпесе бул байланыш чынжыры үзгүлтүккө учурайт. Аны Арстанбек мындайча көрсөтөт:

Өзөндүн көркү тал болот
Өрүштүн көркү мал болот.
Аялдын көркү эр болот,
Аргымак көркү жал болот.
Үйдүн көркү кыз болот.
Аштын көркү туз болот,
Тирүүнүн көркү сый болот,
Өлүүнүн көркү ый болот [3.170].

Жашоонун финалы болгон өлүм да философиялык мааниге ээ. Анын өзгөчө белгилери бар. Ар кандай жашоо өзүнүн каршысына өтөт, ошондуктан өлүм табигый

көрүнүш, жаратылыштын мыйзамы: “Чеченди алган – бул өлүм, Кары жашка карабай, Нечеңди алган – бул өлүм. Жамы журтту кыдыргын, Эшенди алган бул өлүм [3.171]. Демек, адам өзүнүн жашоосун тандоо, же өзгөртүү мүмкүндүгүнө ээ эмес, ага кандай жашоо берилсе, ошондой жашайт, өзгөртүүгө, кайра калыбына келтирүүгө болбойт. Жашоодон ажыроо – өлүм – жашоонун зарыл болгон аягы.

Арстанбек «Терме» ырында социалдык-этикалык категорияларга ошол мезгилдин философиялык ой жүгүртүүсүнүн деңгээлинде мүнөздөмө берет. Эмгек адамдагы негизги ишмердүүлүк, анын болмушун аныктап турган реалдуулук: “Киши акысын жегендик, арамдыктын белгиси. Мээнет менен жан багыш – адалдыктын белгиси[3.188-189]. Мында адам жашоосундагы “адалдык-арамдык” диалектикалык байланышы чагылдыруу табат. Анын моралдык-этикалык көз карашында арамза, калыстык, акылдуулук, балбандык, зөөкүрдүк, сүйүү, кыраандык, берендик, акмактык, эр азаматтык, бузукулук, көйрөңдүк, көсөмдүк, айкөлдүк, наадандык, карылык, коркоктук, жалкоолук, жамандык, марттык, мырзалык, сулуулук, куйтулук жана башка түшүнүктөргө өзгөчө талдоо жасалат.

Адамдын башкалар менен болгон жеке социалдык-экономикалык, саясий жана руханий турмуштагы байланышы – жашоосунун түрдүү көрүнүштөрү. Анын бар болуп турушу – түзгөн себеп-натыйжалык байланышынан, бири-бири менен болгон карым-катнашынын ченеминен таанылат.

Демек, адам жашоосу бири бири менен байланышта болгон курактык, психологиялык биологиялык өзгөчөлүктөр менен шартталат жана коомдук болмуш аркылуу инсандыгы калыптанат. Адам өмүрү – кымбаттык, анткени бир гана жолу берилүүчү баалуулук, андыктан ошол кайталангыс өмүрдү баалоо жана аны маңыздуу жашап өтүүнү ар бир адам аңдап билүүсү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Аманалиев Б. Из истории философской мысли киргизского народа. – Фрунзе, 1963.
2. Жаныбеков Ж., Аскаров Т., Кулматов Н. Кыргыз философиясы (X-XXI кк.). Окуу куралы. – Ош, 2006. – 203 б
3. Залкар акындар: 3 том. – Б.: “Шам”, 2006
4. Молдо кылыч. Казалдар. – Ф.: “Адабият” басмасы, 1991.
5. Момджян К.Х. Введение в социальную философия. – М., 1997
6. Чукубаев А.А. Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии. (1990-1917). – Ф.: Кыргызстан, 1967.